| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**КЕҢ-КОЛ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КЕҢ-КОЛСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

«20» февраль 2024-жыл Көк-Ой айылы

Бириккен Кең-Кол айылдык кенешинин
1- сессиясынын №2 токтому

**«Кең-Кол айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемеси айылдык кеңешин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүгүзүү жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №177 "Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө" токтомун, 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Кең-Кол айылдык кенеши ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Талас облусунун Талас районунун “Көк-Ой айылдык округдук кенеши”, Талас облусунун Талас районунун «Долоно айылдык аймактык кенеши», жана Талас облусунун Талас районунун “Нуржанов айылдык аймактык кенеши” мекемелери бириктирүү жолу менен кайрадан жаңы **«Кең-Кол айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемеси** болуп түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

- **Мамлекеттик тилде**: «Кең-Кол айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемеси.
- **Расмий тилде**: Учреждение "Айылный кенеш Кең-Колского айылного аймака"

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: «Кең-Кол айыл аймагынын айылдык кеңеши» м-и.
- Расмий тилде: У-е "Айылный кенеш Кең-Колского айылного аймака".

2. Талас облусунун Талас районунун “Көк-Ой айылдык округдук кенеши”, Талас облусунун Талас районунун «Долоно айылдык аймактык кенеши» жана Талас облусунун Талас районунун “Нуржанов айылдык аймактык кенеши” мекемелеринин бириктирүү жолу менен кайрадан жаңы түзүлгөн **«Кең-Кол айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемесине** өткөрүп берүү актысы бекитилсин (тиркеме тиркелет).

3. Бириккен айыл аймактарынын **“Кең-Кол айыл аймагынын айылдык кеңеши”** мекемеси анын курамына кирген Талас облусунун Талас районунун “Көк-Ой айылдык округдук кенеши” мекемеси, Талас облусунун Талас районунун «Долоно айылдык аймактык кенеши», жана Талас облусунун Талас районунун “Нуржанов айылдык аймактык кенеши” мекемелеринин укук удантуучусу болуп саналсын.

4. «Кең-Кол айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемеси юридикалык жактын статусуна ээ жана алар уюшулган күндөн тартып түзүлдү деп эсептелсин.

4. «Кең-Кол айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемесинин Жобосу бекитилсин.

5. «Кең-Кол айыл аймагынын айылдык кеңеши» мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Талас облусу, Талас району, Көк-Ой айылы, Манас көчөсү, №102 болуп аныкталсын.

6. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Кең-Кол айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Джусупбеков К.М.**